Каралды
АК 2024 жылдын 4 июлундагы отуруму №9 протоколу
Бекитемин агенттиктин
Директору _______________ Бостонова П.З

# АПЕЛЛЯЦИЯЛЫК КОМИССИЯ ЖАНА АПЕЛЛЯЦИЯ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ

## I. *Жалпы жоболор*

1.1. Билим берүү уюмдарынын эксперттер же Агенттиктин «Сапаттуу Билим» эксперттик комиссиясынын корутундусу менен макул эместигин же даттанууларын кароо үчүн, институционалдык же программалык аккредитация боюнча чечимдерди кабыл алууда объективдүүлүк жана негиздүүлүктү камсыздоо максатында, «Сапаттуу Билим» билим берүү уюмдарын жана программаларын аккредитациялоо Агенттиги Апелляциялык комиссияны (мындан ары – Комиссия) академиялык чөйрөдөн беш адамдан турган курамда түзөт.
1.2. Апелляциялык комиссия Аккредитациялык кеңеш тарабынан кабыл алынган институционалдык же программалык аккредитация боюнча чечимдерге билим берүү уюмдары тарабынан берилген апелляцияларды карайт. Комиссия апелляция боюнча чечимди ушул Жобого ылайык кабыл алат.
1.3. Апелляция боюнча бардык кайрылуулар Апелляциялык комиссия тарабынан тыкыр каралып, ыкчам чечимдер кабыл алынат.

## II. Апелляциялык комиссиянын курамы

2.1. Агенттиктин директору Апелляциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн курамын сунуштап, Аккредитациялык кеңештин төрагасы аны катталган күндөн тартып үч күндөн кечиктирбестен бекитет.
2.2. Комиссиянын курамына ошол эле программаларды аккредитациялаган эксперттик комиссиянын мүчөлөрү же Агенттиктин маалымат базасынан тиешелүү тармактагы жаңы эксперттер, зарылчылыкка жараша билим берүү уюмунун өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн. Мүчөлөрдүн саны каралып жаткан маселеге жараша аныкталат.
2.3. Комиссиянын мүчөлөрү өз ара төраганы жана катчыны шайлашат, ал эми директор комиссиянын курамы боюнча буйрук чыгарат.
2.4. Апелляциялык комиссияга административдик колдоо көрсөтүүнү Агенттиктин институционалдык жана программалык аккредитация процессине катышпаган кызматкерлери камсыздайт.

## III. Апелляция берүүнүн негиздери

3.1. Апелляция Аккредитациялык кеңештин жыйынында карала турган күндөн кеминде бир жума мурун берилүүгө тийиш.
3.2. Билим берүү уюмунун арызы талаштуу маселелер боюнча негизделген түшүндүрмөлөрдү жана кошумча маалыматтарды камтып, Аккредитациялык кеңештин терс чечими «Сапаттуу Билим» Агенттигинин аккредитациялоо стандарттарына жана критерийлерине дал келбейт деп эсептешинин себептерин көрсөтүшү керек.
3.3. Апелляциялык комиссия төмөнкү себептер боюнча апелляцияны карайт:

- Аккредитация процедурасынын бузулушу;
- **Фактологиялык каталар** – билим берүү уюму тарабынан берилген маалыматтар туура эмес колдонулуп, терс чечимге алып келген учурлар.

## IV. Апелляциялык комиссия караган документтер

4.1. Апелляциялык комиссия, негизинен, төмөнкү документтерди карайт:

- Апелляциялык арыз;
- Билим берүү уюмунун/программасынын өзүн-өзү баалоо отчету;
- Эксперттик топтун тышкы аудит отчету;
- Эксперттердин апелляциялык арыз боюнча комментарийлери;
- Аккредитациялык кеңештин чечими.

4.2. Бул жободо көрсөтүлгөн жана белгиленген мөөнөттө берилбеген башка документтер каралбайт.

## V. Апелляцияны кароо тартиби

5.1. Апелляцияны алган биринчи жуманын аягына чейин билим берүү уюмуна жазуу жүзүндө кабар берилет. Бир ай ичинде комиссия "Аккредитация процедурасы бузулганбы" жана/же "Фактологиялык ката барбы" деген маселени карайт.
5.2. Комиссия аккредитация учурунда колдонулган бардык документтердин көчүрмөлөрүн талап кылат.
5.3. Зарылчылык болсо, комиссия кеңештин же эксперттик топтун мүчөлөрүнөн кошумча маалымат (оозеки да) сурай алат.

## VI. Апелляция боюнча чечим кабыл алуу тартиби

6.1. Жыйын жабык өтөт жана Zoom, Teams ж.б. платформалар аркылуу онлайн өткөрүлүшү мүмкүн.
6.2. Жыйында мүчөлөрдүн жарымынан көбү катышса, ал укуктуу болуп эсептелет.
6.3. Кворум болбосо, ошол эле күн тартиби менен кайталап жыйын өткөрүлөт.
6.4. Чечимдер өзүн-өзү баалоо, тышкы аудит, кеңештин корутундусу жана кошумча материалдардын негизинде кабыл алынат.
6.5. Чечим көпчүлүк добуш менен кабыл алынып, протокол түзүлөт, аны төрага жана комиссиянын мүчөсү кол коёт.
6.6. Протоколдо арыздын реквизиттери, талаш маселелер, негиздөө жана чечим көрсөтүлөт. Чечим эки түрдө болушу мүмкүн: **«Апелляция канааттандырылды»** же **«Апелляция четке кагылды»**.
6.7. Чечим 2 жумадан кечиктирилбестен директорго берилет жана андан кийин 1 жуманын ичинде билим берүү уюмуна жөнөтүлөт.
6.8. Билим берүү уюмуна жазуу жүзүндө апелляция чечими тууралуу 2 жуманын ичинде кабар берилет.

## VII. Апелляция чечимин ишке ашыруу

7.1. Эгер **«Апелляция кабыл алынды»** деген чечим чыкса, комиссия Аккредитациялык кеңешке чечимди өзгөртүү сунушун берет же кошумча эксперттик топ түзүлөт:
7.1.1. Бул топтун курамын Агенттик аныктайт жана ал мурдагы эксперттерди камтабашы керек.
7.1.2. Повтордук визит жана кайра кароо процедурасы тышкы аудит боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлөт.
7.1.3. Директор комиссиянын атынан **«Апелляция чечимин ишке ашыруу»** деген документ даярдап, билим берүү уюмуна жиберет.
7.1.4. Бул документ каталардын оңдолушу же чечимдин кайра каралышы боюнча толук маалыматты камтууга тийиш.
7.1.5. Эгер **«Апелляция четке кагылды»** деген чечим чыкса, билим берүү уюму кайтадан апелляция бере албайт.